# «АЛТЫНКЕН» ЖЧКсынын ЖАҢЫ ЖЫЛ АЛДЫНДАГЫ ЧОҢ КАЙРЫМДУУЛУК АКЦИЯСЫ

«Алтынкен» ЖЧКсы 2022-жылдын 2-декабрында салттуу кайрымдуулук акциясын өткөрдү. Бул жолу Кемин районунда жашаган 100 үй-бүлөгө жардам берилди. Кемин райондук мамлекеттик администрациясынын пикирин эске алуу менен ар бир үй-бүлөгө 10 литрден өсүмдүк майы, 50 кг ун, көмүр сатып алуу үчүн 5 миң сомдон берилди.






Социалдык жактан аялуу 100 үй-бүлөнүн тизмеси мамлекеттик администрация тарабынан берилген. Бул тизмеде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар да бар.

Ушул эле күнү ишкана райондун эки социалдык мекемесине: «Нурмеаис» балдар борборуна жана «Күн шооласы» карылар үйүнө жардам көрсөтүп, 250 кг ун, 30 литр өсүмдүк майы жана 60 кг мөмө-жемиш бөлүп берди.

Гуманитардык жардамды салтанаттуу тапшырууга ишкананын башкы директору Вэнь Яфэн жана анын орун басарлары Каныбек Дыйканов, Ван Камин, Чу Цюнде катышты.

Ошондой эле Кемин райондук мамлекеттик администрациясынын социалдык саясат бөлүмүнүн башчысы Дастан Канат уулу, Орловка шаарынын мэри Бактыбек Чанчаров катышып, «Алтынкен» ЖЧКсына райондун элине системалык колдоо көрсөткөндүгү үчүн ыраазычылыктарын билдиришти. Калктын социалдык жактан аялуу катмарларына жардам өз убагында болду, анткени кышкысын тамак-аштын жана көмүрдүн кымбаттыгынан көп үй-бүлөлөр жетиштүү өлчөмдө сатып ала алышпайт.

Чоң ыраазычылык каттары компаниянын өз колу менен улуттук боз үйдүн макетин жасаган кичинекей кыздын белегин кабыл алды. Анткени, боз үй дайыма жылуулуктун жана жайлуулуктун символу болуп келген жана болуп кала берет. Эми бул боз үйдүн макети компаниянын башкы директорунун иш бөлмөсүндөгү сыйлуу жерге коюлат.

«Алтынкен» ЖЧКсы оор турмуштук кырдаалга туш болгон кызматкерлерин унуткан жок. Бул күнү 20 кызматкердин үй-бүлөсүнө 10 литрден өсүмдүк майы, 50 кг ун жана көмүр сатып алуу үчүн 5000 сомдон берилди.

«Алтынкен» ЖЧКсынын башкы директору Вэнь Яфен өз сөзүндө компаниянын Кемин районунун калкынын алдындагы социалдык жоопкерчилигинин чоң маанисин баса белгиледи. Ишкана мындан ары да элдин жыргалчылыгы үчүн кайрымдуулук иштерин улантаарын баса белгиледи.

*Жумгалбек ДҮЙШЕБАЕВ,*
*коомчулук менен байланыш боюнча адис*







# АР БИР ЖАРАН АИВ/ВИЧ ЖӨНҮНДӨ БИЛҮҮ КЕРЕК

АИВ – адамдагы иммундук дефицитинин вирусу. ВИЧ-вирус иммунодефицита человека. СПИД-пайда болгон иммундефицитинин синдрому – бул кишинин иммунодефициттик тарабынан козголуучу дарт.



1-декабрь бүткүл дүйнөлүк СПИДке каршы күрөшүү күнү деп жыл сайын белгиленет. АИВ/ВИЧ адамзаттын эң коркунучтуу илдети болгондуктан ооруга каршы чогуу күрөшүп, бул көйгөй тезинен чечүүбүз керек. АИВ/ВИЧ- адамдын иммундук жетишсиздигинин вирусу. Эгерде адамга ВИЧ жукса вирус организмдеги ар кандай оорудан коргоочу иммундук системаны талкалайт жана айрым клеткаларды жабыркатат иммундук система өтө начарлаганда аялуу болот. Ар кандай жугуштуу ооруларга ( туберкулез, пневмония), ж.б. ооруларга туруштук бере албай калат. ВИЧ бул өзгөчө вирус, ВИЧ менен инфекцияланган адам көп жылдар бою өзүн жакшы сезип, дени сактай жүрө берет, бирок вирусту башка адамдарга жуктурат! Вирус организмде акырындык менен көбөйүп, иммундук (коргоочу) системанын бир бөлүгү болгон кандын клеткаларын жок кылып, акырында вирус адамдын инфекцияга туруштук берүү жөндөмүн төмөндөтүүгө жетишет. АИВ/ВИЧ симптомдорунун ар кандай түрдө башталганын байкоого болот. Оорунун башталышында ал көбүнчө эл арасындагы кеңири тараган түрдүү тумоолорго окшоп кетет.

Аны менен жабыркаган кишинин башынын ооругандыгына денеси ысып, температурасынын көтөрүлгөндүгүнө, чыйрыккандыгына, кээде сасык тер каптаган, ичи өткөнүнө, тамагынын сезгенүүсүнө же терисине капысынан ар түрдүү бүдүрлөрдүн кызамык сыяктуу тактардын пайда болушуна даттанат. Андан тышкары, кээ бир оорулар моюн, колтук же кулак түбүндөгү бездердин чоңоюп «чочушуна», денесинин улам бир жерине сызтоок чыгышына, же ичинен өзүнөн өзү эле өтө баштаганына да врачтын көңүлүн бурат. Мындай симптомдор тумоонун узак убакытка созулушу, адамдын арыктай башташы, ошондой эле эпидемиологиялык маалыматтардын негизинде врачтын АИВ/ВИЧ дартына күнөм саноосуна мүмкүнчүлүк берет. Эгер адам ВИЧ менен инфекцияланган болсо, ал ошол замат СПИДке окшойт. Адам оорунун кандайдыр бир симптомун сезмейинче, вирус 10 жылдап организмде жүрө берет, ошондуктан билүү керек.

-Байкабастан ВИЧ менен инфекцияланып калышы мүмкүн.

-Азыркы учурда бангизаттарды (наркотикти) кан тамырга сайынып, ВИЧ инфекциясын жуктуруп алган адамдарды саны (87% ) көбөйүүдө. Виру кан тамыр аркылуу тез ы дамдыкта тарайт. Ошонду тан көбү ВИЧ инфекциясы ме нен жабыркашат. Кайсы учур да ВИЧ жугат? Кан жана ка дын калдыктары аркылуу а кандай жабдыктардан болго шприцтер, кашыктар, фильтр лер, аралашмалар. Баңги за тар, ваталар, жгуттар, бөтө бритвалар, тиш щеткалар тиш тазалагычта жана дене ге сүрөт тарткан таза эме ийне аркылуу жугат. Анда сырткары презерватив жо кокустук жыныстык байла нышта болууда.

ВИЧти жугузуп алган эне ден балага кош бойлуу кезин де, төрөт учурунда же эми генде жугат.

**Г.Сыдыкова**
**район аралык оорулард алдын алуу жана мамле кеттик санитардык эпиде миологиялык көзөмөлдө борборунун Кемин район боюнча бөлүм башчыс**

Бетти даярдага
Кубат АБЫШО